долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ, АРХИТЕКТУРА ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МИНИСТРЛИГИНИН БУЙРУГУ

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин «КР КЧ 41-03:2022 «От казан орнотмолору» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2022-жылдын 9-ноябрындагы № 54-чуа буйругуна № 1 өзгөртүү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин (мындан ары – Курулуш министрлиги) 2025-жылдын 15-июлундагы «Курулуш министрлигинин ишмердигинин натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча учурдагы милдеттерди жана чараларды ишке ашырууга байланыштуу маселелерди кароо жөнүндө» протоколун аткаруу үчүн, ченемдик талаптарды өркүндөтүү максатында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги № 221 токтому менен бекитилген Курулуш министрлиги жөнүндө жобону жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин «КР КЧ 41-03:2022 «От казан орнотмолору» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2022-жылдын 9-ноябрындагы № 54-чуа буйругуна төмөндөгү мазмундагы № 1 өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн буйрук менен бекитилген курулуш ченемдерине:

- документтин аталышында кабыл алынган жылдан кийин «*» белгисин кошуу;
- 6.38.5-пункттун бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Газ отканаларын өрткө каршы талаптарды сактоо менен жертөлө бөлмөсүнө жайгаштырууну кошпогондо, киргизилген отканаларды турак жай имараттарына жайгаштырууга жол берилбейт».

2. Курулуш министрлигине караштуу Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтуна:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык

ушул буйрукту расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жана электрондук түрдө, көрсөтүлгөн буйрук жарыяланган булакты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

- ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн.

3. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Иманакун уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Министр** **Н.К. Орунтаев**

проект

**ПРИКАЗ**
**МИНИСТЕРСТВА СТРОИТЕЛЬСТВА, АРХИТЕКТУРЫ И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**О внесении Изменения № 1 в приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 41-03:2022 «Котельные установки» от 9 ноября 2022 года № 54-нпа»**

Во исполнение протокола Министерства строительства, архитектуры и жилищно-коммунального хозяйства Кыргызской Республики (далее – Минстрой) от 15 июля 2025 года «О рассмотрении вопросов, связанных с реализацией текущих задач и мер по улучшению эффективности деятельности Минстроя», в целях развития нормативных требований и руководствуясь Положением о Минстрое, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22 апреля 2025 года № 221**, приказываю:**

1. Внести в приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 41-03:2022 «Котельные установки» от 9 ноября 2022 года № 54-нпа» Изменения № 1 следующего содержания:

в строительные нормы, утвержденного вышеуказанным приказом:

- в названии документа после года принятия добавить символ «*»;
- абзац пятый пункта 6.38.5 изложить в следующей редакции:

«Размещение встроенных котельных в жилых зданиях не допускается за исключением размещение газовых котлов в подвальном помещении с соблюдением противопожарных требований».

2. Государственному институту сейсмостойкого строительства и инженерного проектирования при Минстрое:

- принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;
- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном

носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Кабинет Министров Кыргызской Республики для информации.

3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Иманакун уулу Талантбека.

**Министр** **Н.К. Орунтаев**

**«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин «КР КЧ 41-03:2022 «От казан орнотмолору» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2022-жылдын 9-ноябрындагы № 54-чуа буйругуна № 1 өзгөртүү киргизүү тууралуу» Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин буйругунун долбооруна**

**МААЛЫМ КАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Максаты жана милдеттери**

Ушул буйрук Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин (мындан ары – Курулуш министрлиги) 2025-жылдын 15-июлундагы «Курулуш министрлигинин ишмердигинин натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча учурдагы милдеттерди жана чараларды ишке ашырууга байланыштуу маселелерди кароо жөнүндө» протоколун аткаруу үчүн Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту (ЖТКИДМИ) тарабынан даярдалган.

Курулуш министрлигинин «Мамкурулуштун «КР КЧ 41-03:2022 «От казан орнотмолору» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2022-жылдын 9-ноябрындагы № 54-чуа буйругуна № 1 өзгөртүү киргизүү тууралуу» буйругунун долбоорунун максаты жертөлөдөгү газ от казандарын колдонууга тиешелүү курулуш тармагындагы ченемдик документтерди өркүндөтүү болуп саналат.

Буйрук долбоорунун милдети ченемдик-техникалык документтерди Мамкурулуштун 2018-жылдын 11-июнундагы № 13-нпа буйругу менен бекитилген Курулуштагы ченемдик документтердин системасы жөнүндө жобого ылайык келтирүү эсептелет.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Газ отканалары көп кабаттуу үйлөрдө батирдик, чатырдагы жылытуу катары колдонулат. Биздин республиканын ченемдеринде газ отканаларын жертөлөдө колдонууга тыюу салынат. Бирок Өзбекстандын ченемдеринде турак жайлардын жертөлөлөрүндө газ отканаларын колдонууга уруксат берилген. Өзбекстан Республикасынын газ отканаларын турак жайлардын жертөлөлөрүндө колдонууга уруксат берилген бул тажрыйбасынын негизинде жакын чет өлкөлөрдүн заманбап тажрыйбасын жана жылуулук менен камсыздоо тармагындагы техникалык чечимдердин өнүгүшүн эске алуу менен газ отканаларын турак жайлардын жертөлөлөрүнө жайгаштыруу бөлүгүндө ченемдик базаны өркүндөтүүгө багытталган бул өзгөртүү даярдалды.

Газ отканалары өрт коопсуздугу, желдетүү жана газ менен камсыздоо талаптары сакталган шартта газ от казандарын жертөлө

бөлмөлөрүндө орнотууну караган жаңы имараттарды долбоорлоодо жана учурдагы турак жайларды реконструкциялоодо колдонулат.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин болжолу.**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу жана ишке киргизүү социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык же коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 22-беренесине ылайык бул буйруктун долбоору коомдук талкуулоо жол-жобосунан өткөрүү үчүн Курулуш министрлигинин расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү парталына жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган буйруктун долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган буйруктун долбоору ишкердик ишмердикти жөнгө салууга багытталбагандыктан, жөнгө салуучу таасирин талдоону талап кылбайт.

**Кыргыз Республикасынын**
**курулуш, архитектура жана**
**турак жай-коммуналдык**
**чарба министри** **Н.К. Орунтаев**

**СПРАВКА - ОБОСНОВАНИЕ**
**к проекту приказа Министерства строительства, архитектуры и жилищно-коммунального хозяйства «О внесении Изменения № 1 в приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 41-03:2022 «Котельные установки» от 9 ноября 2022 года № 54-нпа»**

**1. Цель и задачи**

Настоящий приказ подготовлен во исполнение Протокола совещания Министерства строительства, архитектуры и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Минстрой) от 15 июля 2025 года «О рассмотрении вопросов, связанных с реализацией текущих задач и мер по улучшению эффективности деятельности Минстроя» Государственным институтом сейсмостойкого строительства и инженерного проектирования (ГИССИП).

Целью настоящего проекта приказа Минстроя «О внесении Изменения № 1 в приказ Гостроя «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 41-03:2022 «Котельные установки» от 9 ноября 2022 года № 54-нпа» является совершенствование нормативных документов в области строительства, касающихся применения газовых котельных в подвальных помещениях.

Задачей проекта приказа является приведение нормативно-технических документов в соответствие с Положением о системе нормативных документов в строительстве, утвержденного приказом Госстроя от 11 июня 2018 года № 13-нпа.

**2. Описательная часть**

Газовые котельные применяются в многоквартирных домах в качестве поквартирного, крышного отопления. В нормах нашей республики запрещаются применения газовых котельных в подвальных помещениях. Однако в нормах Узбекистане разрешено применение газовых котельных в подвальных помещениях жилых зданий. Основываясь с данным опытом Республики Узбекистан, в котором разрешается применение газовых котельных в подвальных помещениях подготовлено данное изменение, которое направлено на совершенствование нормативной базы в части размещения газовых котельных в подвальных помещениях жилых зданий, с учетом современного опыта стран ближнего зарубежья и развития технических решений в области теплоснабжения.

Газовые котельные применяются при проектировании новых и реконструкции существующих жилых зданий, предусматривающих установку газовых котлов в подвальных помещениях при условии соблюдения требований пожарной безопасности, вентиляции и газоснабжения.

**3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, экологических, коррупционных последствий**

Принятие данного проекта приказа не повлечет негативных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий.

**4. Информация о результатах общественного обсуждения**

В соответствии со статьей 22 Закона «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики» данный проект приказа размещается на официальном сайте Минстроя и в Едином портале общественных обсуждений проектов нормативных правовых актов Кыргызской Республики для прохождения процедуры общественного обсуждения.

**5. Анализ соответствия проекта законодательству**

Представленный проект не противоречит нормам действующего законодательства, а также вступившим в установленном порядке в силу международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика.

**6. Информация о необходимости финансирования**

Принятие настоящего проекта приказа не повлечет финансовых затрат из республиканского бюджета.

**7. Информация об анализе регулятивного воздействия**

Представленный проект не требует проведения анализа регулятивного воздействия, поскольку не направлен на регулирование предпринимательской деятельности.

**Министр строительства, архитектуры**
**и жилищно-коммунального хозяйства**
**Кыргызской Республики** **Н.К. Орунтаев**

**«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин «КР КЧ 41-03:2022 «Отказан орнотмолору» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2022-жылдын 9-ноябрындагы № 54-чуа буйругуна № 1 өзгөртүү киргизүү тууралуу» Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин буйругунун долбооруна**

**САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА**

| **Колдонуудагы редакция** | **Сунушталган редакция** |
|---|---|
| КР КЧ 41-03:2022 «От казан орнотмолору» | КР КЧ 41-03:2022* «От казан орнотмолору» |
| **6.38.5-пункт** Турак жайларды жылуулук менен камсыз кылуу үчүн тиркелген жана чатырлуу казандарды орнотууга жол берилет.<br>Чатыр казандарын имараттын мансарда же мансарда бөлүгүндө орнотууга жол берилет. Бул учурда, от казан бөлмөнүн өзүнүн тосмо түзүлүштөрү болушу керек.<br>Кире беришке кирүүчү отканаы жайгаштырууга жол берилбейт. От казан орнотулган капталындагы дубалда турак жайдын жакынкы терезесинен казандын дубалына чейинки горизонталдык аралык кеминде 4 м, ал эми казандын шыпынан вертикалдуу аралык 4 м болушу керек. жакынкы терезе, жок эле дегенде, 8 м болушу керек.<br>Чатырдагы от казан бөлмөнү түздөн-түз турак жайлардын каптоолоруна жайгаштырууга жол берилбейт (турак жайды жабуу от жагуучу бөлмөнүн полунун негизи боло албайт). | **6.38.5-пункт** Турак жайларды жылуулук менен камсыз кылуу үчүн тиркелген жана чатырлуу казандарды орнотууга жол берилет.<br>Чатыр казандарын имараттын мансарда же мансарда бөлүгүндө орнотууга жол берилет. Бул учурда, от казан бөлмөнүн өзүнүн тосмо түзүлүштөрү болушу керек.<br>Кире беришке кирүүчү отканаы жайгаштырууга жол берилбейт. От казан орнотулган капталындагы дубалда турак жайдын жакынкы терезесинен казандын дубалына чейинки горизонталдык аралык кеминде 4 м, ал эми казандын шыпынан вертикалдуу аралык 4 м болушу керек. жакынкы терезе, жок эле дегенде, 8 м болушу керек.<br>Чатырдагы от казан бөлмөнү түздөн-түз турак жайлардын каптоолоруна жайгаштырууга жол берилбейт (турак жайды жабуу от жагуучу бөлмөнүн |

| | |
|---|---|
| Турак жайларда орнотулган отканаларды жайгаштырууга жол берилбейт. | полунун негизи боло албайт). **Газ отканаларын өрткө каршы талаптарды сактоо менен жертөлө бөлмөсүнө жайгаштырууну кошпогондо, киргизилген отканаларды турак жай имараттарына жайгаштырууга жол берилбейт.** |

**Министр Строительства, архитектуры и жилищно-коммунального хозяйства Кыргызской Республики** **Н.К. Орунтаев**

**Сравнительная таблица**
**к проекту приказа Министерства строительства, архитектуры и жилищно-коммунального хозяйства Кыргызской Республики «О внесении Изменения № 1 в приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 41-03:2022 «Котельные установки» от 9 ноября 2022 года № 54-нпа»**

| **Действующая редакция** | **Предлагаемая редакция** |
|---|---|
| СН КР 41-03:2022 «Котельные установки» | СН КР 41-03:2022* «Котельные установки» |
| **Пункт 6.38.5** Для теплоснабжения жилых зданий допускается устройство пристроенных и крышных котельных.<br>Допускается устройство крышных котельных в мансардной или чердачной части здания. При этом котельная должна иметь собственные ограждающие конструкции.<br>Не допускается размещение пристроенной котельной со стороны входных подъездов. На стене, со стороны которой пристраивается котельная, расстояние от ближайшего окна жилого помещения до стены котельной по горизонтали должно быть не менее 4 м, а расстояние от перекрытия котельной до ближайшего окна по вертикали – не менее 8 м.<br>Не допускается размещение крышной котельной непосредственно на перекрытиях жилых помещений (перекрытие жилого помещения не может служить | **Пункт 6.38.5** Для теплоснабжения жилых зданий допускается устройство пристроенных и крышных котельных.<br>Допускается устройство крышных котельных в мансардной или чердачной части здания. При этом котельная должна иметь собственные ограждающие конструкции.<br>Не допускается размещение пристроенной котельной со стороны входных подъездов. На стене, со стороны которой пристраивается котельная, расстояние от ближайшего окна жилого помещения до стены котельной по горизонтали должно быть не менее 4 м, а расстояние от перекрытия котельной до ближайшего окна по вертикали – не менее 8 м.<br>Не допускается размещение крышной котельной непосредственно на перекрытиях жилых помещений (перекрытие жилого помещения не может служить |

| | |
|---|---|
| основанием пола котельной).<br>Размещение встроенных котельных в жилых зданиях не допускается. | основанием пола котельной).<br>Размещение встроенных котельных в жилых зданиях не допускается **за исключением размещение газовых котлов в подвальном помещении, с соблюдением противопожарных требований.** |

**Министр Строительства, архитектуры**
**и жилищно-коммунального хозяйства**
**Кыргызской Республики** **Н.К. Орунтаев**